**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА ЖАНА ӨНӨР ЖАЙ МИНИСТИРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСТИ ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК**

**ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ И ПРОМЫШЛЕННОСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

29-апрель 2023-ж. № 80 Бишкек ш.

## «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегин бекитүү жана чыңалуунун класстары боюнча электр энергиясына тарифтерди белгилөө жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Энергетика жөнүндө», «Электр энергетикасы жөнүндө» мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №192 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатына жана электр энергиясына тарифтерди колдонуу боюнча нускамага, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2016-жылдын 28-январындагы №4 буйругу менен бекитилген электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн, электр энергиясын керектөөчү - алып кайра сатуучулардын жана бөлүштүрүүчү ишканалардын (электр энергиясын бөлүштүрүүчү ишканалардын) тизмегине ишканаларды (уюмдарды) киргизүүнүн тартибине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин (мындан ары-Департамент) 2023-жылдын 29-апрелиндеги № 79 «Акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө» жана 2023-жылдын 29-апрелиндеги № 80 «Энергетикалык компаниялар үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө» буйруктарына ылайык, отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу маселелери боюнча комиссиянын 2023-жылдын 29-апрелиндеги № 06/07 протоколдук чечимин эске алуу менен **буйрук кылам;**

1. Ушул буйруктун 1-тиркемесине ылайык «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр

тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмеги бекитилсин.

2. 2023-жылдын 1-майына тартып «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегине киргизилген ишканалар (уюмдар) үчүн чыңалуу класстары боюнча электр энергиясын сатууга жана берүүгө тарифтер ушул буйруктун 2-тиркемесине ылайык белгиленсин.

3. «Электр станциялары» ААК Департаменттин 2023-жылдын 29-апрелиндеги № 79 «Акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө» буйругу менен аныкталган жогорулатылган коэффициенттерди эске алуу менен ушул буйруктун 2-пунктунда белгиленген электр энергиясын сатууга тарифтерди майнинг (криптовалюта) субъектерине, алтын кен өнөр жайынын ишканаларына (алтын ылгоочу фабрикаларга), алкоголдук продукцияларды өндүрүү боюнча ишканаларга, куюу, эритүү цехтерине жана цемент заводдоруна карата колдонсун.

3.1. «Электр станциялары» ААК жогорулоочу коэффициенттерди ушул буйруктун тиркемесинде көрсөтүлгөн жыйынтык тарифтерге карата колдонсун, андан кийин «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тарамдары боюнча электр энергиясын берүүгө тариф эсептелсин.

4. «Кыргыз энергетикалык эсеп борбору» ААК жана «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААК жогорулатылган тарифтерди колдонууга туш келишкен керектөөчүлөрдүн электр энергиясын керектөөлөрүнүн көлөмү тууралуу маалыматтарды «Электр станциялары» ААКка берүүнү камсыз кылышсын.

5. Тизмекке киргизүү үчүн Департаментке берилген электр энергиясынын ири керектөөчүлөрдүн тизмесинин толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик «Электр станциялары» ААКтын башкы директоруна жүктөлсүн.

6. «Электр станциялары» ААК Департаментке электр энергиясын ири керетөөчүлөр менен электр энергиясын сатууга, сатып алууга түзүлгөн контрактардын жокко чыгарылган фактылары тууралуу маалымдап турсун.

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин төмөндөгү буйруктары күчүн жоготту деп табылсын:

- 2021-жылдын 29-октябрындагы № 159 «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегин бекитүү жана чыңалуунун класстары боюнча электр энергиясына тарифтерди белгилөө жөнүндө»;

- 2021-жылдын 11-ноябрындагы № 173 «Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын

29-октябрындагы № 159 «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегин бекитүү жана чыңалуунун класстары боюнча электр энергиясына тарифтерди белгилөө жөнүндө» буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;

- 2021-жылдын 14-декабрындагы № 197 «Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы № 159 «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегин бекитүү жана чыңалуунун класстары боюнча электр энергиясына тарифтерди белгилөө жөнүндө» буйругу менен белгиленген электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегине «Мин Ксин» жоопкерчилиги чектелген коомун киргизүү жөнүндө;

- 2021-жылдын 14-декабрындагы № 203 «Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы № 159 «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегин бекитүү жана чыңалуунун класстары боюнча электр энергиясына тарифтерди белгилөө жөнүндө» буйругу менен бекитилген электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегине чарба жүргүзүүчү субъекттерди киргизүү жөнүндө;

- 2021-жылдын 29-декабрындагы № 215 «Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы № 159 «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегин бекитүү жана чыңалуунун класстары боюнча электр энергиясына тарифтерди белгилөө жөнүндө» буйругу менен бекитилген электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегине чарба жүргүзүүчү субъекттерди киргизүү жөнүндө;

- 2021-жылдын 29-декабрындагы № 218 «Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы № 159 «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегин бекитүү жана чыңалуунун класстары боюнча электр энергиясына тарифтерди белгилөө жөнүндө» буйругу менен бекитилген электр энергиясын

ири керектөөчүлөрдүн тизмегине чарба жүргүзүүчү субъекттерди киргизүү жөнүндө

- 2022-жылдын 15-мартындагы № 57 «Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы № 159 «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегин бекитүү жана чыңалуунун класстары боюнча электр энергиясына тарифтерди белгилөө жөнүндө» буйругу менен бекитилген электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегинен чарба жүргүзүүчү субъектти чыгаруу жөнүндө;

- 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 83 Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы № 159 «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегин бекитүү жана чыңалуунун класстары боюнча электр энергиясына тарифтерди белгилөө жөнүндө» буйругу менен бекитилген электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегине чарба жүргүзүүчү субъекттерди киргизүү жөнүндө;

- 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 96 «Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы № 159 «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегин бекитүү жана чыңалуунун класстары боюнча электр энергиясына тарифтерди белгилөө жөнүндө» буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;

- 2022-жылдын 2-июнундагы № 106 «Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы № 159 «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегин бекитүү жана чыңалуунун класстары боюнча электр энергиясына тарифтерди белгилөө жөнүндө» буйругу менен белгиленген электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегине «ЦентралАзия Полимет» жоопкерчилиги чектелген коомун киргизүү жөнүндө;

- 2022-жылдын 25-июлундагы № 134 «Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы № 159 «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү

түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегин бекитүү жана чыңалуунун класстары боюнча электр энергиясына тарифтерди белгилөө жөнүндө» буйругу менен белгиленген электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегине «Централ Эйжа Тин Компани» жоопкерчилиги чектелген коомун киргизүү жөнүндө;

- 2022-жылдын 26-июлундагы № 135 «Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы № 159 «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегин бекитүү жана чыңалуунун класстары боюнча электр энергиясына тарифтерди белгилөө жөнүндө» буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;

- 2022-жылдын 26-июлундагы № 136 «Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы № 159 «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегин бекитүү жана чыңалуунун класстары боюнча электр энергиясына тарифтерди белгилөө жөнүндө» буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;

- 2023-жылдын 15-февралындагы № 22 «Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы № 159 «Электр станциялары» ААКтын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө жана/же «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактарына туташтырылган электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегин бекитүү жана чыңалуунун класстары боюнча электр энергиясына тарифтерди белгилөө жөнүндө» буйругу менен белгиленген электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегине «СОЛАРКОИН» жоопкерчилиги чектелген коомун киргизүү жөнүндө.

8. Департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы:

- ушул буйрукту аткаруу үчүн «Электр станциялары» ААКтын, «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын даректерине жөнөтсүн;

- ушул буйрукту Департаменттин расмий сайтына жалпыга тааныштыруу үчүн жарыяласын.

9. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Департаменттин директорунун орун басары Г.И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т.Э. Орозалиев**